САБАК БОЛСУН!

# Кредиттен “крит” болгондор

(Башы 10-бетте)

***- Сиздей болуп кыйналып калбаш үчүн башкаларга кандай кеңеш бересиз?***

- Биринчиден, акчаны кандай максатка алса, ошого гана колдонушсун. Экинчиден, банктардагы, микрокаржылоо уюмдарындагы процентер бизге туура келбейт, өтө эле жогору, төмөндөтүлүшү керек. Кредитти алаарың менен эле төлөтүп баштаташат, айталы, үч ай процентин төлөтүп, же башка жолдор менен жеңилдик беришсе. Кокус кардар форс-мажордук кырдаалга кабылып калса, кредитти бөлүп төлөгөнгө убакыт берип, карызкорго кыйын абалдан чыкканга банк өзү да көмөк көрсөтсө. Банктар антпей, келишимге эле такап, өздөрүнүн гана пайдасын көздөп, “үйүңдү сатып чыгып кет, болбосо, биз сатып жиберебиз» деп жатышпайбы.

*Урмат Кожомбердиев, Жогорку Соттун алдындагы Сот департаментинин директорунун милдетин аткаруучу:*

## “Маселени мыйзамдуу гана жол менен чечүү керек”

***- Өткөн жылдары, азыр деле банктан кредит алып, төлөй албай, үй-мүлкүн тарттырып жибергендер сизге көп кайрылат экен.?..***

- 2012-жылы мен бул кызматка келгенден бери кредиттен жабыркап, мага келгендер көп болду. Ар бирин кабыл алып, мыйзамдуу кандай жолдору бар экендигин айтып берчүмүн. Сот аркылуу үйлөрүн чыгарып алгандар болду.

***- Сиздин көз карашыңызча бизде проценттик ставкалар кандай?***

- Башка мамлекеттерге караганда бизде процентик ставкалар өтө жогору.

***- Насыясын төлөй албагандарга кандай көмөк көрсөтө алдыңыз?***

- Алардын жагдайын билип-туюп, банктын өкүлдөрү менен сүйлөштүрүп, кредитин бөлүп төлөп берүүгө ынандырууга аракет кылчумун. Алар аргасыз кредит алды да. Анан үй-жайынан ажырап калуу аларды ого бетер азапка салбайбы. Ошондо да мыйзамдуу жолдор менен багыт берчүмүн.

***- Насыя алуучуларга кандай кеңеш бересиз?***



*Сот департаментинин директорунун милдетин аткаруучу Урмат Кожомбердиев*

- Насыя алгандар кредитин максаттуу пайдаланса. Бир банктан кредит алган соң, башка банктан кредит албаса. Мурдагы кредитин жабам деп, кийинки кредитин төлөй албай, күрөөгө койгон үйүнөн ажырап калып жатышат. Кредит аларда мүмкүнчүлүгүнө караса. Келишимге кол койордо процент эле эмес, кечиктирсе пениясы да өсүп кетээрин эстен чыгарышпаса.

***- Эл качан барса, сиздин эшигиңиз ачык дешет...***

- Менде кабыл алуу күндөрү деген болбойт. Мага кайрылгандарды иш күндөрү ар бир учурда  кабыл ала берем. Айрым чиновниктерге окшоп карапайым адамдарды “тигил жакка бар, бул жакка бар” деп футбол тепкендей кыла берүү мага жат. Ар биринин маселесин чечип берүүгө аракет кылам.

***- Кредитин төлөй алышпай, үй-жайын тарттырып жиберишип, ызы-чуу болушуп, Өкмөт үйүнүн алдында митинг өткөрүп жүрүшкөндөр эмне болду?***

- Жуздөй киши мага да келишкен. Алар бир беткей Өкмөттү эле күнөөлөп жүрүштү, “Сот чечим чыгарып коюп, силер үйлөрүбүздү тартып алып жатасыңар” дешип. Элдин баарын кабыл алып, адистеримди чакырып, түшүндүрүп, “мындай ызы-чуу менен маселеңерди чече албайсыңар. Мыйзамдуу жол менен гана чечүүгө болот” деп аларга кандай укуктары бар экендигин түшүндүрүп берчүмүн. Мына эми маселелерин чыр-чатак менен эмес, банктар менен кайра сүйлөшүп, мыйзамдуу жол менен гана чечүү аракетин көрүп келе жатышат.



**Бетти даярдаган Дайырбек МЕЙМАНОВ, m_daiyr@mail.ru**